УДК: 159.9

Исакова Ч.Б., Акмолдоева А.Ж.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЛОГОПСИХОЛОГИЯ ИЛИМИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада логопсихология илиминин айрым маселелери, кептик өнүгүсүндө дефектиси бар адамдардын психикалык абалын изилдөөнүн мааниси жана логопсихологиянын башка илимдер менен болгон байланышы каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *логопсихология, кебинде бузулуулары бар балдар.*

*В статье рассмотрены некоторые проблемы современной логопсихологии, показана важность изучения психического состояния людей, имеющих проблемы в речевом развитии, отражена связь логопсихологии с психолого-педагогическими науками.*

***Ключевые слова:*** *логопсихология, дети с нарушениями речи.*

*The article considers some problems of modern logopsihology, it shows the importance of studying the mental state of people having problems in speech development, reflects the relationship of logopsychology with psycho-pedagogical sciences.*

***Key words:*** *logopsychology, children with speech disorders.*

Адамзаттын өнүгүүсүнүн жана функцияланышынын, өзгөчө, анын инсандык жактан калыптанышынын негизинде жаткан коммуникативдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн негизги шарты болуп толук кандуу өнүккөн кеби эсептелет. Коомдо статистика боюнча кекечтенүү менен жабыркагандар жалпы адамдардын 1%ды түзсө, балдардын саны 2%дан ашуун. Учурда ар кандай объективдүү жана субъективдүү шарттардын таасири астында ар тараптуу оорулардын, анын ичинде кептик бузулуулардын саны көбөйүүдө. Көрсөтүлгөн факторлор логопеддерди даярдоо проблемасын өркүндөтүүнүн социалдык жактан маанилүүлүгүн жана актуалдуулугун көрсөтөт. Логопед-адистерди даярдоодо прикладдык психологиянын негиздерин билүү өзгөчө мааниге ээ.

Логопедиялык жардамды оптимизациялоо үчүн кебинде бузулуулары бар адамдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдер зарыл, алар логопсихологиянын предмети болуп эсептелет.

Логопсихологиянын концептуалдык негизи катары учурдагы илимде активдүү иштелип жаткан психосоматикалык байланыштардын модели саналып, ал психиканын жана дененин өз ара таасирин мүнөздөйт.

Кептин бузулуу учурунда бул таасир дефектинин баланын, өспүрүмдүн, чоң адамдын психикасына таасир этишинде жана кайра психиканын дефектиге болгон таасиринде чагылдырылат. Көрсөтүлгөн байланыштар патогендик (терс таасир этүүчү абалды татаалдаткан) же тескери, саногендик (дефектини жоюуга, айыгууга жардам берген) мүнөзгө ээ болушу мүмкүн, бул байланыштардын мааниси берилген жардамдын натыйжалуулугунун негизги шарты болуп эсептелет.

Логопсихология – биринчиден, кебинде бузулуулары бар адамдардын психикалык бузулууларынын себептерин, механизмдерин, симптоматикасын, структурасын изилдөөгө; экинчиден, алардын психикалык адаптациялоо механизмдерин аныктоого; үчүнчүдөн, кебинде бузулуулары бар адамдарга психологиялык жардам көрсөтүү жолдорун иштеп чыгууга багытталган атайын психологиянын бир тармагы.

Логопсихология кебинде бузулуулары бар адамдарга жардам көрсөтүүнүн зарылчылыгынын негизинде практикалык-прикладдык дисциплина катары пайда болгон. Логопсихологиянын илим катары пайда болушунун так учурун жана кайсы жерде келип чыккандыгын аныктоо кыйын, анткени кеп бузулууларынын ар тарабынын интерпретациясы жана психикалык билимдерди колдонуу тууралуу маалыматтар ар кандай өлкөлөрдө, ар башка жылдары кездештирүүгө болот. Мисалы, Россияда кебинде

бузулуулары бар адамдарга психотерапияны колдонгондордун биринчилеринен болуп Г.Д.Неткачев эсептелген (1913). XX кылымдын 80-жылдарына чейин психологиялык адабияттарда кебинде бузулуулары бар адамдардын психологиялык проблемалары жөнүндө айрым гана маалыматтар бар, ушул мезгилден баштап психологиялык диагностика жана коррекция боюнча атайын эмгектер пайда болгон (Л.С.Цветкова, Ж.М.Глозман, В.Виноградова ж.б.).

Учурда логопедия тармагында психологиялык изилдөөлөр боюнча көптөгөн эмгектер (В.М.Шкловский, Г.А.Волкова, А.Б.Хавин, В.А.Калягин, Е.Ю.Рау, ж.б.) жарыкка чыгууда.

Логопсихологиянын предмети болуп кебинде бузулуулары бар адамдардын психикалык өзгөчөлүктөрү жана психологиялык жардам көрсөтүү (коррекция жана терапия) методдору эсептелет.

Логопсихологиянын максаты – кебинде бузулуулары бар адамдарга психологиялык жардам көрсөтүү.

Логопсихологиянын маселелерине төмөнкүлөр кирет:

1) кеп менен психикалык процесстердин өз ара таасир этүү механизмдерин изилдөө;

2) оптималдуу диагностикалоо жана коррекциялык жардам көрсөтүү позициясынан кебинде бузулуулары бар адамдын психикасын баалоо;

3) кептик патологиянын ар кандай түрлөрү менен жабыркаган адамдардын психикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

4) сырткы белгилери боюнча окшош болгон патологиялардын ичинен (аутизм, угуу функциясынын бузулушу, психикалык өнүгүүнүн убактылуу артта калышы ж.б.) алгачкы кептик бузулууну аныктоого жардам берген дифференциалдуу диагностиканын методдорун иштеп чыгуу;

5) кебинде бузулуулары бар адамдардын психикасын коррекциялоо жана психикалык профилактикалоо методдорун жакшыртуу.

Заманбап логопсихология теориялык негиздерди иштеп чыгуу жолунда туруп, алар жакын дисциплиналардын теориялык негиздерине таянып, аларга – психология, лингвистика, психолингвистика, патопсихология, жалпы психология, медициналык психология, курак психологиясы, педагогикалык психология, нейропсихология, логопедия ж.б. кирет.

Логопсихологиянын логопедия илими менен болгон байланышы өз ара толуктоо мүнөзүнө ээ, анткени кебинде бузулуусу бар адамдын психологиясы жөүндө билимдер кептик дефектинин структурасында кептин жана психикалык процесстердин өз ара байланышынын шайкештиги, бузулуулардын симптоматикасы жөнүндө изилөөлөрдү толуктап, тактайт. Өз учурунда, кептеги бузулуулар жөнүндө билимдер ар кандай психикалык функциялар үчүн кептин конкреттүү маанисин тактоого жардам берет.

Логопедияга логопсихология жардамчы дисциплина катары саналып, ал логокоррекциялык процессти психологиялык каражаттар менен оптимизациялоого багытталат.

Логопсихология логопедия үчүн прикладдык мааниге ээ.

*Биринчиден,* ал башка элементардык жана жөнөкөй психикалык функциялардын арасында кептин ордун негизги жогорку психикалык функция аныктайт.

*Экинчиден*, ал диагностиканын заманбап каражаттарын сунуш кылып, алар деффектинин структурасын аныктоого мүмкүнчүлүк берет жана психикалык функциялардын сакталышына карата компенсациялоо мүмкүнчүлуктөрүн карайт.

*Үчүнчүдөн*, логопсихология субъекттин кебинде бузулууга карата көнүмүш (адаптивдүү) психикалык реакцияларынын мүнөзүн аныктоого жардам берет.

*Төртүнчүдөн,* ал ар кандай маселелерди чечүүдө дифференциалдуу методдорун жетишсиз функцияларды компенсациялоо же иштеп чыгуу, кебинде дефектиси бар адам

менен оптималдуу контакт түзүү, кептик дефектини оңдоого болгон мотивацияны калыптандырууну сунуштайт.

Логопсихология үчүн маанилүү болуп курак психологиясы эсептелет, анткени диагностикалоо жана коррекциялоо психикалык өнүгүүнүн диалектикалык негизинде ишке ашкан мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алышы зарыл. Тигил же бул психикалык мүнөздөмөлөрдүн курактык нормаларын гана эмес, өнүгүүнүн ар кайсы этаптарында алардын өз ара аракеттенүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу маанилүү.

Педагогикалык психология нормативдүү кеп ыкмаларын эффективдүү өздөштүрүүнүн шарттарын түзүүгө багыттайт. Заманбап педагогика, педагогикалык маселелерди чечүүнү оптимизациялоо максатында психологиялык билимдерди кеңири колдонууда.

Атайын психология (тифлопсихология, сурдопсихология, олигофренопсихология) чөйрөсүндөгү билимдер кептик бузулууларды эске алуу менен коррекциялык иштерди алып барууда жана дифференциалдуу диагностикалоодо зарыл болот.

Медициналык жана патопсихология психосоматикалык өзгөчөлүктөрү жана психопатологиялар менен коштолгон кептик бузулууларды изилдөөгө жардам берет.

Физиологиялык психология (психофизиология) кайсы физиологиялык процесстер аркылуу психикалык процесстер ишке ашарын изилдейт.

Нейропсихология бузулган функциялардын жана баш мээнин белгилүү бөлүктөрүнүн ортосунда болгон байланышын табууга жардам берет.

Логопсихология лингвистикалык билимдер менен тыгыз байланышта тилдин маңызын, түзүлүүн, функцияларын изилдейт. Тилдик нормаларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана бала тарабынан аларды өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн психолог үчүн билүү, белгиленген нормалардын бузулушу, баланын психологиялык өнүгүүсүнө кандай таасир этишин билүүгө жардам берет.

Кептин социалдык генезиси логопед үчүн социалдык психология боюнча билимдердин зарылдыгын аныктайт. Адамдын инсаны коомдук мамилелерде өнүгүп аныкталат, ошондуктан инсандын жана кептин өз ара таасир этишин жана өз ара байланыштарын түшүнүү логопед үчүн зарыл болуп эсептелет.

Илимде инсан жана кеп проблемасы менен бирге, кеп жана ой-жүгүртүү проблемасы биринчи катарда турат. Бул проблеманын чечилишине белгилүү психологдор Ж.Пиаже, Л.С.Выготский, А.Р.Лурия, А.А.Леонтьевдин фундаменталдуу эмгектери багытталган.

Психолингвистика илими изилдеген проблемалар табияты боюнча логопсихологияга жакын келет. Аларга текстти интерпретациялоонун көптүгү, кептин маданий шарттылышы, пикир алышуунун паралингвистикалык каражаттарын (мимика жана жесттер) колдонуу кирет.

Психолингвистиканын жана логопсихологиянын окшоштугу болуп эки дисциплинанын кептин динамикалык уюштурулушуна, кептик ишмердүүлүккө багытталышы эсептелет.

Жогорку нерв системасынын ишмердүүлүк физиологиясы ар кандай кеп бузулууларында баш мээнин кабыкчасында козголуу жана тормоздоо нерв процесстеринин динамикасын түшүнүүнүн негизинде логопедиялык жардамды уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Психоневрология менен логопсихологиянын байланышын кептик бузулуу болгон татаал нейропсихологиялык бузулуунун структурасына киререрин аныктаган теория түзүп, ал өз учурунда бейтаптын коррекциялык жана медикаментоздук жардамдын спецификасын аныктайт. Логопед жана психолог кеп бузулууларынын неврологиялык негиздерин билиши

зарыл, мындан тышкары, балдарда көп кездешкен психикалык бузулуулардын формалары жөнүндө маалымат болушу керек, алар жүрүм-турумда, эмоционалдык бузулууларда байкалат. Аларды өзөчө эрте балалык куракта эске алып, бул куракта неврологиялык белгилер бузулуунун структурасында басымдуулук кылып, кийинки логопедиялык жардам үчүн база түзүүдө, биринчиден, балага медициналык жардам көрсөтүү зарыл болот.

Логопсихологиянын методдору психодиагностика жана психологиялык жардам деген (коррекция жана терапия) эки чоң топко бөлүнөт.

Диагностикалык методдорду өздөштүрүү аларды колдонуу адисинин квалификациясын көрсөтөт. Бузулууну туура аныктоо, анын структурасын жана динамикасын туура түшүнүү тигил же бул бузулуулары бар, анын ичинде кептик бузулуулары бар адамдарга сапаттуу жардам көрсөтүүгө шарт түзөт. Психологиялык диагностика өзгөчө логопедия үчүн маанилүү, анткени кеп психикалык процесстер менен тыгыз байланышта турат.

Кебинде бузулуулары бар адамдардын психологиялык диагностикасы психикалык мүнөздөмөлөрдүн нормадан четтөөсүн аныктап, дефектиге карата адамдын кайгырууларын баалайт.

Илимде психологиялык диагностикалоо методдорун ар кандай классификациялары аныкталган.

Байкоо жүргүзүү – кеңири таралган методдордун бири болуп эсептелет, анын жардамы аркылуу психологиялык кубулуштар ар кандай шарттарда, алардын жүрүүшүнө кийлигишүүсүз изилденет.

Эксперимент – бул адамдын психикалык өнүгүүсүн кандайдыр бир өзгөчөлүгүн атайын уюштурулган шарттарда изилөөнүн формасы. Изилдөөчү белгилүү психикалык кубулуштарды изилдөөдө жагымдуу шарт түзүү максатында эксперименттин жүрүшүнө активдүү түрдө катыша алат. Ишмердүүлүктүн натыйжаларын анализдөө – ишмердүүлүктүн практикалык натыйжаларын анализдөө аркылуу психикалык кубулуштарды изилдөө методу.

Тестирлөө учурунда изилденүүчүлөр изилдөөчүнүн тапшырмасы боюнча белгилүү иш-аракеттерди аткарат.

Психологиялык жардамды мүнөздөөдө психокоррекция жана психотерапия терминдери колдонулат.

Психотерапия (грек. тил. psyche - жан дүйнө жана therapeia – дарылоо) адамдын психикасына ар кандай, дары-дармексиз, анын психикалык же физикалык абалын сезим туудуруу (внушение) ж.б. аркылуу жакшыртуу максатында методдордун таасири саналат.

Психокоррекция – психикалык жактан дени сак адамдын психикасынын же жүрүм-турумунун бузулууларын коррекциялоо щчщн колдонулган психологиялык ыкмалардын жыйындысы.

Логопсихологияда колдонулган психологиялык жардам методдоруна жүрүм-турум, когнитивдүү психоанализ, психодрама ж.б. кирет.

Психологиялык жардам методдорунан түзүлгөн классификациялар алардын негизинде жаткан принцип боюнча айырмаланат. Алар психотерапияга катышкан субьектилердин саны боюнча – жекелик жана топтук; терапевдин (психологдун) ролу боюнча – директивдүү, директивдүү эмес; инсанга таасир этүү деңгээли боюнча – симптоматикалык (анын айрым тараптарына кайрылган) жана патогенетикалык (инсандан бүтүндөй кайра түзүлүшү менен байланышта болгон); инсандын ар кандай тараптарына кайрылышы боюнча – динамикалык, жүрүм-турум жана экзистенционалдуу-гуманистикалык болуп бөлүнөт.

Психологиялык жардамдын методдорун тандоо бузулуунун мүнөзүнү жана адис

колдоно ала турган каражаттарга көз каранды.

**Адабияттар:**

1. Возрастная психология. Детство, отрочество, юность: хрестоматия./Сост. В.С.Мухина, А.А.Хвотстов., -М., 2007.-624 с.
2. Калягин В.А. Логопсихология – становление и перспективы развития ⁄⁄Коррекционная педагогика. Единое образовательное пространство: Сб. науч.- метод. трудов. – СПб., 2003.
3. Мухина В.С. Детская психология. – СПб., 1992.
4. Обухова Л.Ф. Возрастная психология. -М., 2006. – 460 с.
5. Основы специальной психологии: Учеб. пособие для студ. сред. пед. учеб. заведений ⁄ Под ред. Л.В. Кузнецовой. - М., 2002.
6. Сорокин В.М. Специальная психология: Учеб. пособие ⁄Под ред. Л.М.Шипициной. – СПб., 2003.